**№20 А.Калмурзаев атындагы орто мектеби**
**Педагогикалык кеңешинин**

**№1 Протоколу**

Катышканы- 35 28-август 2020 ж

Күн тартибинде каралуучу маселелер.
1.Чейрек аралык окуучулардын аттестациясы жөнүндө ЖОБОсун талкулоо жана бекитүү.
2.Баалоонун системасы боюнча ЖОБОсун талкулоо жана бекитүү.

Угулду: 1-чи маселе боюнча мектептин директору А.Акматов Чейрек аралык окуучулардын аттестациясы жөнүндө ЖОБОсу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим стандарттына ылайык, “Билим берүү уюмунун типтүү жобосунун” жана мектептин Уставынын негизинде иштелип чыккандыгы чейрек аралык окуучулардын аттестациясынын максаты мамлекеттик билим берүү стандарттынын талаптарына ылайык окуу программасынын өздөштүрүү деңгээлин аныктоого,окуу программаларынын аткарылышын көзөмөлдөөгө.Окууда жогорку ийгиликтерге жетишүүсү үчүн жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны ийгиликтүү тапшыруу үчүн окуучулардын мотивациясын көтөрүүчү шарттарды түзө тургандыгын белгилеп ЖОБОну талкууга койду.
Жарыш сөзгө чыккан мугалимдер өз ойлорун айтышып талкулап ЖОБОну толуктоолор менен кабыл алышты.
2-чи маселе Баалонун системасы боюнча ЖОБО
Бул ЖОБО мектепте баалонун тартибин системалаштырып, жалпы баалоого тийиштүү маселелерди жөнгө салат.Мектепте мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптары боюнча ар бир окуучунун билиминин объективдүү бааланышын камсыздайт.Баалоонун түрлөрү,формалары жана типтери боюнча мугалимдердин түшүнүктөрүн калыптайт жана практикада пайдалануу ыңгайын жаратат. Мектепте окуу процессин уюштурууда демократиялык башталышты колдоосу жөнүндө айтылды.
ЖОБОнун долбоору талкууланып, толуктоолор менен жактырылды.

Педагогикалык кеңешме күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып

Токтом кылат

1. Окууда жогорку ийгиликтерге жетишүүсү үчүн жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны ийгиликтүү тапшыруу үчүн окуучулардын мотивациясын көтөрүүчү шарттарды түзүүдө маанилүү деп белгиленген,чейрек аралык окуучулардын аттестациясы жөнүндө ЖОБОсу кабыл алынсын жана бекитилсин.
2. Окуучулардын окууга болгон кызыгуусун жана окуунун сапаттын жогорулатууда, билгичтигин жана көндүмдөрүн туура,объективдүү жана өз учурунда баалоодо негизги ролду ойногон Баалоонун системасы боюнча ЖОБОну өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен кабыл алынсын жана бекитилсин.

Пед кеңештин төрагасы: А. Акматов

Катчы: Ж Кенеева.

Кабыл алынды
2020-жылдын 28-августундагы
педкеңештин №1 токтомунун
негизинде

Бекитемин:
Мектеп директору: А.Акматов
28-август 2020-жыл

Өзгөн районуна караштуу А. Калмурзаев атындагы №20 орто мектебинин чейрек аралык окуучулардын аттестациясы жөнүндө ЖОБОсу.

***1.Жалпы жоболор.***

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык, **«Билим берүү уюмунун типтүү жобосунун»** жана мектептин Уставынын негизинде иштелип чыкты.

**1.2.** Окуучулардын чейрек аралык аттестациясынын Жобосу мектептин педагогикалык кеңешинин чечими менен кабыл алынган жана мектеп директору тарбынан бекитилген..

**1.3**. Аттестациялоонун максаты:

- Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуу программасынын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо;
- окуу программаларынын аткарылышын көзөмөлдөө;
- окуучуларды социалдык жактан коргоо, санитардык эрежелерге жана нормаларга ылайык окуу жүктөмдөрүнүн регламентин түзүүдө алардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камсыз кылуу.
- окууда жогорку ийгиликтерге жетишүүсү үчүн жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны ийгиликтүү тапшыруу үчүн окуучулардын мотивациясын көтөрүүчү шарттарды түзүү.
- ар бир педагогдун эмгегинин натыйжасы үчүн жоопкерчилигин жогорулатуу.

**1.4.**Чейрек аралык аттестация – бул кайсы бир конкреттүү предметти окуп үйрөнүү процессинде же аны окуп үйрөнүүнүн аягында өздөштүрүүнүн сапатын баалоо.

**1.4.1.** Чейрек аралык аттестацияны ишке ашыруу мектептин компетенциясы болуп саналат.

**1.4.2**. Чейрек аралык аттестациялоо учурдагы аттестация жана жылдык болуп бөлүнөт. Учурдагы аттестация – бул конкреттүү бир окуу предметин өздөштүрүү сапатын баалоо. Учурдагы аттестация 2-11 класска чейинки окуучулардын билиминин жыйынтыгын сабак сайын, үч айлык, жарым жылдык баалоону камсыз кылат. Жылдык аттестация – бул окуучулардын окуу жылындагы окуу предметинин бардык көлөмүн өздөштүрүү сапатынын бааланышы.

***2. Учурдагы аттестация***

**2.1**. Учурдагы аттестация мектептин бардык класстарына тиешелүү.

**2.2.**Окуу жылы аралыгындагы учурдагы аттестация окуучулардын жетишкендиктерин 5 баллдык баалоо менен журналга эч кандай жетишкендиктерин жашырбай баа коюлат.

**2.3**. Аттестацияны өткөрүү формасы тест түрүндө жүргүзүлөт жана ар бир предметтик мугалим окуучулардын жеке жана жаш өзгөчөлүгүнө жараша окуу процесинен алынган материал даярдайт.

**2.4.**Окуучулардын өз алдынча жазуу иштери, текшерүү иштери жана башка контролдук иштердин түрлөрү 5 баллдык система менен бааланат. Бардык жазуу иштери предметтик мугалим тарабынан текшерилип, анализ жүргүзүлөт. Ар бир класстын жазуу иштеринин бааланышы мониторингделип, журналга баалары түшүрүлөт жана окуу бөлүмүнүн башчысына тапшырылат.
**2.5.**Үй шартында окуу уюштурулган айрым окуучулар окуу пландын негизинде жеке аттестацияланышат. Бул категориядагы билим сапатын каттоо атайын журналга түшүрүлөт жана баалары класстык журналга же электрондук журналга түшүрүлөт.
**2.6.**Окуучуларды аттестациялоо 2-класстан 11-класска чейин жүргүзүлөт.

### *3. Класстан класска көчүрүү аттестациясы*

**3.1**. Жылдык аттестациядан бардык көчүрүлүүчү класстар өтүшөт.
**3.2**. Аттестациянын жыйынтыгы менен 2-класстан 11-класска чейин жылдык баалар коюлат
**3.3**. Көчүрүү класстары үчүн чейректик жана жылдык аттестацияны өткөрүү жана предметтерди тандоо педагогикалык кеңеш тарабынан аныкталып, бекитилет.
**3.4**. Көчүрүү аттестациясында 2-10 класстар үчүн бир предмет педкеңештин чечими менен тандалат жана бир предмет окуучунун тандоосу менен тандалат.
**3.5.**Башталгыч класстардагы чейрек аралык аттестациянын өзгөчөлүгү төмөнкүлөр:
- билим берүүнүн жыйынтыгын баалоого болгон комплекстүү мамиле
- окуучулардын жетишкендиктеринин динамикасын баалоо.
-тематикалык контрол;
- жыйынтыктоочу контрол.

**3.6**. Жылдык аттестация жазуу түрүндө да оозеки формасында да болушу мүмкүн.
Аттестацияны өткөрүүнүн жазуу формасы төмөнкүлөр:
- грамматикалык тапшырмалары менен жат жазуу;
- текшерүү иштери;
- чыгармачыл тапшырмалар менен баяндама;
- чыгармачыл тапшырмалар менен дил баян;
- тест.

**Аттестацияны өткөрүүнүн оозеки формасы төмөнкүлөр:**
- окуу техникасын текшерүү;
- реферат жактоо;
- дене тарбия сабагынан норматив тапшыруу
-баарлашуу;

**3.7**Чейрек аралык аттестация учурунда ооруп калган окуучулар медициналык мекеменин аныктамасынын негизинде бошотулат.
**3.8**Чейрек аралык аттестациялоодон төмөнкү окуучулар бошотулат:
- бардык предметтерден эң жакшы баа алган окуучулар;
- райондук, шаардык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү;
- аттестациядан бошотуу үчүн медициналык көрсөтмөсү бар окуучулар;
- мектептик олимпиаданын жеңүүчүлөрү (5-8-класстар үчүн)

### *4. Аттестациялык материалдар.*

**4.1**. Чейрек аралык аттестациянын материалдарын предметтик мугалимдер иштеп чыгат.
**4.2** Чейрек аралык аттестациянын материалдарынын формасы тест түрүндө болот.

### *5. Аттестациялоодогу коюлуучу баалоо белгилери.*

**5.1**. Учурдагы аттестация предметтик мугалимдердин 5 баллдык системасы аркылуу ишке ашат.
**5.2.**Чейрек аралык аттестациянын жылдык баасы протоколдун негизинде коюлат.
**5.3.**Предметтик мугалим аттестациянын баасын класстык же электрондук журналга түшүрөт.

**5.4.**Канааттандырарлык эмес баа алып калган окуучуларга окуу жылынын аягына чейин кайрадан аттестация тапшыруу мүмкүнчүлүгү берилет.
**5.5.**Эгер окуучу окуу жылынын аягына чейин кайрадан аттестациядан өтпөсө, канааттандырарлык эмес бааны журналга коюлат.
**5.6.**Класс жетекчилер окуучуларга жана алардын ата-энелерине (ишенимдүү өкүлүнө) аттестациянын жыйынтыгын, педагогикалык кеңештин чечимин жана класска көчүрүү жөнүндө маалыматты жеткирүүгө милдеттүү.
**5.7.**Чейрек аралык аттестациянын жыйынтыгына каршы болгон окуучулардын жана алардын ата-энелеринин даттануусун мектептин талаш тартыш маселелери боюнча комиссия кабыл алып, чечим чыгарат.

***6. Окуучуларды көчүрүү***

**6.1.**Окуу жылындагы билим берүү программасын толук жана ийгиликтүү өздөштүргөн окуучу, педагогикалык кеңештин чечими менен кийинки класска которулат.
**6.2**. Окуу программасын толук көлөмдө өздөштүрө албаган бала ошол классты кайрадан окууга калтырылбайт.
**6.3.**Берилген мөөнөттө академиялык карыз сабактарын тапшырбай калган окуучулар ата-энесинин каалоосу боюнча кошумча окууга калтырылат, жекече окутуу планы менен окуу же психо-медико-педагогдордун сунушуна ылайык атайын программа менен окутуу үчүн которулат.
**6.4.**Окуучуларды кийинки класска көчүрүү мектептин педагогикалык кеңешинин чечими менен ишке ашат.
**6.5.**Аттестациянын жыйынтыгы жөнүндө окуучуларга жана алардын ата-энелерине маалымат жеткирилет. Эгерде окуу жыл ичинде аттестациядан канааттандырарлык эмес жыйынтык алып калса, анда чечим кабыл алынган күндөн 3 күн аралыгында окуучулардын ата-энелерине жазуу түрүндө маалымат берилет.

***7. Жыйынтыктоо бөлүмү.***

**7.1**.Чейрек аралык аттестациянын аягында мектеп жетекчилиги жыйынтыктарды педагогикалык кеңеште же усулдук кеңеште кароону уюштурат.

**7.2.**Чейрек аралык аттестациялоого толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү педагогикалык кеңештин чечими менен ишке ашат.